**Жүрөгүмдүн ичинде жүрөгүң бар**

Жолугууга убадам албай туруп,
Сен бир күнү келесиң таңкалтырып.
Он бешиндей караңгы күндөрүмдү,
Он бешинде жаркырап айдай сунуп.
**Кайырма:**
Санаа коштоп келаткан айлар, жылдар,
Сагындырып көрөлөк жагым дидар…
Жүргөн менен жүзүңдү тааныбастан,
Жүрөгүмдүн ичинде жүрөгүң бар…

Сен бир күнү келесиң – сезип турам,
Көздөрүңө суртүнүп күн нурунан.
Мени сүйүп калсын деп ыр жамынып,
Жолдор дагы жетелеп келет улам.
**Кайырма:**
Санаа коштоп келаткан айлар, жылдар,
Сагындырып көрөлөк жагым дидар…
Жүргөн менен жүзүңдү тааныбастан,
Жүрөгүмдүн ичинде жүрөгүң бар…

Жолдор бизге тилешип жолугууну,
Табышмактуу не деген жоругубу?
Бизден күчтүү табият мыйзамында,
Тирүүлүктүн бардыгы жолугуубу?!
**Кайырма:**
Санаа коштоп келаткан айлар, жылдар,
Сагындырып көрөлөк жагым дидар…
Жүргөн менен жүзүңдү тааныбастан,
Жүрөгүмдүн ичинде жүрөгүң бар…